УДК: 904:821.521.(04)

**Сулайманова Айдай Турдумаматовна** – илимий кызматкер.
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы. Б.Жамгерчинов атындагы
Тарых, археология жана этнология институту.
Почта. aidaisu@yandex.com. Тел.0708568060

**КЫРГЫЗДАРДЫН УМАЙ ЭНЕГЕ ТАБЫНУУ МАСЕЛЕСИНИН ТАРЫХНААМАСЫ**

**Сулайманова Айдай Турдуматовна** – научный сотрудник.
Национальная академия наук Кыргызской Республики.
Институт истории, археологии и этнологии имени Б. Жамгерчинова.
E-mail: aidaisu@yandex.com.
Тел.: 0708568060.

**ИСТОРИОГРАФИЯ ПРОБЛЕМЫ ПОКЛОНЕНИЯ УМАЙ-ЭНЕ У КЫРГЫЗОВ**

**Sulaimanova Aiday Turdumamatovna** – Researcher.
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic.
B. Zhamgerchinov Institute of History, Archaeology, and Ethnology.
E-mail: aidaisu@yandex.com.
Tel.: 0708568060.

**HISTORIOGRAPHY OF THE ISSUE OF WORSHIPING UMYAI-ENE AMONG THE KYRGYZ**

**Аннотация.** Макалада кыргыздардын Умай энеге табынуусу маселесинин тарыхнаамасы изилденген. Автор кеңири этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдардын негизинде элибиздин байыркы дүйнө таанымын жана диний түшүнүктөрүн талдоого алган. Умай энеге табынуу жөрөлгөсү кыргыздардын, ошондой эле Борбордук Азиянын башка түрк тилдүү элдеринин байыркы диндериндеги түшүмдүүлүк, төрөлүү, үй-бүлөнүн куту катары каралган. Совет мезгилиндеги окумуштуулар изилдөөлөрүндө, атеисттик көз караштын таасири менен, Умай эне жана башка байыркы диний ишенимдердин калдыктары социалисттик идеологияга каршы күрөшүү контекстинде каралган. Бирок, алардын изилдөөлөрүндө кыр гыздардын жана башка түрк элдеринин диний ишенимдери кенен ачып берилген. Мында белгилүү окумуштуулардын, мисалы, С.М.Абрамзон, В.Н. Басилов, В.В. Бартольд сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектери чоң мааниге ээ. Алар Умай эненин, Теңирдин жана башка байыркы диний түшүнүктөрдүн философиялык, этнографиялык жана дин таануу аспекттерин терең изилдешкен. Мында Умай эне көбүнчө үй-бүлөнүн, балдардын жана түшүмдүн коргоочусу катары каралган. Изилдөөлөрдө археологиялык материалдар да кеңири пайдаланылып, анын ичинде Сүттүү-Булак, Куйруктөбө, Алтай аймактарындагы эстеликтердин негизинде Умай энеге табынуу маселеси ачып берилген. Ошондой эле, бул ишенимдердин ислам дини таркагандан кийин да сакталып калганы талдоого алынган. Бул тарыхый жана этнографиялык изилдөөлөр кыргыздардын байыркы диндеринин тамырларын жана алардын учурдагы диний ишенимдерге таасирин түшүнүүгө жардам берет.

**Негизги сөздөр:** Умай-Эне, табынуу, тарыхый аспекттер, этнография, байыркы диндер, түрк тилдүү элдер, диний ишенимдер, ислам, археологиялык материалдар, Сүттүү-Булак, Куйруктөбө, Алтай, Теңир, политеизм.

**Аннотация.** Статья отражает исторические аспекты поклонения кыргызов Умай-Эне и их исследования в советский период. Она посвящена широкому этнографическому, историческому и религиозному восприятию, а также исследованиям ученых, изучающих древнюю мировоззренческую и религиозную концепцию нашего народа. Поклонение Умай-Эне является частью древних религий кыргызов, а также других тюркских народов Центральной Азии, и связано с плодородием, рождением детей и рассматривается как символ домашнего благо-

получия. В советских исследованиях, под воздействием атеистических взглядов, поклонение Умай-Эне и другие остатки древних религиозных верований рассматривались в контексте борьбы с социалистической идеологией. Однако в конечном итоге эти исследования раскрыли глубокие религиозные концепции кыргызов и других тюркских народов. Значительное внимание в этих исследованиях уделено работам таких ученых, как С.М. Абрамзон, В.Н. Басилов, В.В. Бартольд. Они глубоко изучали философские, этнографические и религиоведческие аспекты проблемы. Умай-Эне обычно рассматривалась как защитница семьи, детей и урожая. В исследованиях также активно использовались археологические материалы, включая памятники и изображения из районов Сутту-Булак, Куйруктобе, Алтай, которые помогли сформировать новые представления об Умай-Эне. Эти исторические и этнографические исследования помогают понять корни древних религий кыргызов и их влияние на современные религиозные верования.

**Ключевые слова:** Умай-Эне, поклонение, исторические аспекты, этнография, древние религии, тюркские народы, религиозные верования, ислам, археологические материалы, Суттуу-Булак, Куйруктобе, Алтай, Тенгри, политеизм.

**Abstract.** The article reflects the historical aspects of the worship of Umyai-Ene among the Kyrgyz people and its study during the Soviet period. It is dedicated to a broad ethnographic, historical, and religious understanding, as well as the research of scholars studying the ancient worldview and religious concepts of our people. The worship of Umyai-Ene is part of the ancient religions of the Kyrgyz people, as well as other Turkic peoples of Central Asia, and is associated with fertility, childbirth, and is considered a symbol of domestic well-being. In Soviet research, under the influence of atheistic views, the worship of Umyai-Ene and other remnants of ancient religious beliefs were considered in the context of the struggle against socialist ideology. However, these studies ultimately revealed the deep religious concepts of the Kyrgyz and other Turkic peoples. Significant attention in these studies was given to the works of scholars such as S.M. Abramzon, V.N. Basilev, and V.V. Bartold. They deeply explored the philosophical, ethnographic, and religious aspects of worshipping Umyai-Ene, Tengri, and other ancient religious concepts. Umyai-Ene was typically regarded as the protector of family, children, and harvests. The research also actively utilized archaeological materials, including monuments and images from the regions of Suttu-Bulak, Kuyruk-Tobe, and Altai, which helped form new understandings of the ways of worshiping Umyai-Ene and Tengri. These historical and ethnographic studies help understand the roots of the ancient religions of the Kyrgyz people and their influence on contemporary religious beliefs.

**Keywords**: Umyai-Ene, worship, historical aspects, ethnography, ancient religions, Turkic peoples, religious beliefs, Islam, archaeological materials, Suttu-Bulak, Kuyruk-Tobe, Altai, Tengri, polytheism.

Кыргыздардын Умай энеге табынуу проблемасы совет мезгилиндеги окумуштуулардын изилдөөлөрүндө кеңири берилген. Бирок, алар бул маселени байыркы диндердин саркындылары, динге каршы идеологиялык күрөштүн алкагында карашкан.Мында негизинен этнографиялык мүнөздөгү изилдөөлөргө көңүл буруу зарыл. Мисалы, С. П. Толстов, О. А. Сухарева, А. Л. Троицкая, Г. П. Снесарев, В. Н. Басилов ж.б. изилдөөлөрүндө [5; 11] Борбордук Азияны байырлаган элдердин диний ишенимдери терең талдоого алынган. Г. П. Снесарев өз эмгектеринде Өзбекстандын Хорезм аймагындагы элдердин исламга чейинки диндер жана алардын өз ара байланыштарын, алардын азыркы мезгилдеги айрым бир элементтеринин сакталуу калуу маселесин илимий таризде изилдеген [3].

Белгилүү этнограф С. М. Абрамзон кыргыздардын жашоо турмушу, каада салты, дүйнө таанымы ж.б. маселелер менен катар исламга чейинки диний ишенимдери жөнүндө да кенен изилдөө жүргүзгөн [2]. Анын эмгектеринде кыргыздардын архаикалык мүнөздөгү диний ишенимдери, айрыкча шаманчылык, Умай энеге жана Теңирге сыйынуу, ага байланышкан диний ырым-жырымдар башка элдердин мисалында конкреттүү аргументтердин негизинде кенен изилденген.

В. В. Бартольд, А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон, Н. П. Дыренкова, Б. Х. Кармышева, Л. П. Потапов, Ф. А. Фиельструп ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде Борбордук Азия элдеринин байыркы диний ишенимдери, Умай эненге табынуу маселеси каралган. Алар түрк элдериндеги Умай энеге табынуу диний ишениминин генезиси байыркы элдердин түшүнүгүндө түшүмдүүлүк, жаралуу (балдардын төрөлүү) процессин жөнгө салып турган кудай менен айкалыштырышкан. Изилдөөчүлөр Умай энени Борбордук Азияны байырлаган түрк тилдүү элдердин ишениминде үй-бүлөнүн куту, коргоочусу катары берилип, анын тамыры байыркы мезгилдерге такалаарына көңүл бурушкан.

Белгилүү окумуштуу В. Я. Бутанаев [6] өзүнүн эмгегинде хакастардын Умай энеге сыйынуусун, анын түпкүрүн аныктоого жана Сибирь аймагын байырлаган элдердеги параллелдерди таап чыгууга аракет жасайт.

Совет мезгилинде коммунисттик идеология, илимде тактык көз караш, атеисттик саясат коомдук турмуштун бардык багыттарын өз кучагына алгандыктан, диний проблемалар боюнча изилдөөлөр да ушундай нукта каралган. Умай эненге сыйынуу маселси диний ырым-жырымдардын калдыктары, социалисттик коомдо терс көрүнүштөргө каршы күрөшүү аспектинде каралган.

Советтик тарыхчылар, этнографтар Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстандын калкынын байыркы мезгилдеги диний ишенимдерин кеңиир изилдөөгө алышкан. Анда диндин алгачкы формалары борлуп эсептелинген: анимизм, шаманчылык, тотемизм ж.б. ишенимдер терең талдоого алынган. Бул маселени изилдөөдө окумуштуулар, негизинен, элдик оозеки чыгармаларга, каада-салттарга, ырым-жырымдарга таянышкан.

Кыргыздардын диний ишенимдерин, анын ичинде Умай энеге табынуусу С. Абрамзон, В. В. Бартольд, А. Н. Бернштам, В. Н. Басилов, Н.П.Дыренкова, Б.Х.Кармышева, Ф. А. Фиельструп ж.б. эмгектеринде чагылдырылса, В. В. Радлов, Н.А.Аристов, В.Я. Бутанаев, Н.А.Баскаков, С.И.Вайнштейн, С.Е.Малов, Л.П.Потапов, Ю.С.Худяков ж.б. изилдөөлөрүндө кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятына тиешелүү маселелер иликтенген [2, 6].

С. П. Толстова, О. А. Сухарева, А. Л. Троицкая, Г. П. Снесарев, В. Н. Басилов [5, 12, 13] ж.б. Борбордук Азия элдеринин диний ишенимдерин аныктоо изилдөө үчүн бир катар илимий экспедицияларды уюштурушуп, аймактын бир катар жерлеринен материалдарды жыйнашкан. Алар түрдүү булактарды пайдалануу менен аймактагы байыркы жана кийинки мезгилдердеги диний ишенимдердин келип чыгуусун, анын элдин аң-сезимине тийгизген таасирлерин, азыркы учурдагы байыркы диний ишенимдердин калдыктарын изилдешип, бир катар илимий гипотезаларды жаратышып, көлөмдүү эмгектерди жазышкан. Мисалы, Г. П. Снесарев Хорезм калкынын исламга чейинки диний ишенимдерин жана ырым-жырымдарын терең иликтөөгө алган. Ал азыркы диний ишенимдердин тамырын байыркы мезгилдеги идеологиялардан издеген, анын бир катар этнографиялык мүнөздөгү макалалары жана илимий эмгектери азыркы тапта да өз таасирин жоготкон жок.

С. М. Абрамзон өзүнүн этнографиялык изилдөөлөрүндө кыргыз элинин каада-салты, турмуш-тиричилиги, байыркы диний ишенимдери (шаманчылык, тотемизм, анимизм ж.б.), ислам дини жөнүндө иликтеген [2]. Ал бир катар булактардын, илимий изилдөөлөрдүн жана талаа материалдарынын негизинде кыргыздардын диний ишенимин талдоого алып, ситемага салган. Окумуштуунун кыргыздардын Умай энеге табынуусу, Теңирчилик жөнүндөгү ишенимдери жөнүндөгү изилдөөлөрү чоң мааниге ээ.

*Кыргыз элинин дүйнө таанымы, диний ишенимдери жөнүндөгү маселелер философтор тарабынан да изилдеген.* Б. Аманалиев кыргыз элинин философиялык ойлорунун тарыхын изилдөө менен катар [4] байыркы диндердин негизги формалары болуп саналган: тотемизм, шаманчылык, анимизм, табиятка сыйынуу (Умай эне, Теңир) ж.б. маселерди талдоого алып, алардын түпкүрүн жана **азыркы мезгилдеги таасирин** аныктоого аракет жасаган. Анын пикиринде, байыркы адамдар, анын ичинде кыргыздар да табияттын бир бөлүгү жана анын алдында алсыз болушкан, ошондуктан табият күчтөрүнө: жер, суу, от ж.б. сыйынуу жөрөлгөлөрү калыптанган. Хайтун Д.Е., С. И. Ильясов, Петраш Ю. Г., Абдылдаев, М. Жумагулов ж.б.

изилдөөлөрүндө албарстылык түшүнүгү, тотемдик сыйынуу ишенимдерине тиешелүү маселелер, Борбордук Азия элдеринин, анын ичинде, кыргыздардын диний ишенимдери, исламдагы башка диндердин элементтери ж.б. проблемалар атеисттик, идеологиялык көз караштын негизинде изилденген. Бул эмгектер өз кезегинде кыргыздардын байыркы диний ишенимдери, алардын дүйнөнү кабылдоосу ж.б. боюнча маселелерди тактоого жана белгилүү бир илимий тыянактарды чыгарууга көмөк көргөзөт.

С. И. Ильясов кыргыз элинин байыркы диний ишенимдерин (тотемизм, табият күчтөрүнө ишенүү) терең иликтөөгө алган. Б. Солтоноев, Ө. Караев, И. Б. Молдобаев, Т. Чороев ж.б. изилдөөлөрүндө кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятынын түрдүү аспектилери терең иликтенгегн.

Жалпысынан алганда, жогоруда аталган окумуштуулардын эмгектеринде кыргыздардын диний ишенимдери, анын ичинде Умай энеге табынуу жөрөлгөлөрү түрдүү булактардын негизинде иликтөөгө алынган. Бул маселе өз учурунда тарыхый, этнографиялык, философиялык, филологиялык изилдөөлөрдүн объектиси болуп келген. Совет мезгилиндеги изилдөөлөр таптык позицияда, иделогиялы кысымдын астында жүргүзүлгөндүгүнө карабай өзүнүн терең илимий баалуулугу, кайталангыстыгы менен айырмаланат. Алар өз кезегинде кийинки изилдөөлөргө негиз салган.

Белгилүү окумуштуу В. Н. Басиловдун жетекчилиги астында жарыкка чыккан эмгекте талаа материалдарынын негизинде Түркстан элдеринин үрп-адаттары, ислам динине чейинки ишенимдердин саркындылары, элдин турмушундагы ролу ж.б. маселелер иликтөөгө алынган. Бул жыйнак дин таануу багытына таандык. Анткени анда этнографиялык изилдөөлөр бир эле мезгилде дин таануу маселелери менен коштолуп жүрөт (ишенимдер, диний жөрөлгөлөр, табынуулар). Эмгекте ислам динине өзгөчө көңүл бурулат. Исламды изилдөөдө этнографиялык мамиле өзүнүн бир топ өзгөчөлүктөрнө ээ. Анда расмий, теориялык исламдан айырмаланып турмуштук исламды изилдөө негизги мааниге ээ. Турмуштук исламда башка ишенимдердин калдыктарын кезиктирүүгө жана алардын ислам менен тыгыз жуурулушуп кеткенин байкоого болот. Аталган эмгекте Борбордук Азия элдеринин календардык салттары, түздүктө жашашкан тажктердин гүл майрамы, казактардагы жер иштетүү менен байланышкан салттары, түркмөндөрдөгү шаманчылыктын калдыктары, өзбек-карамурттардагы исламга чейинки каада-салттары ж.б. маселелер каралган.

В. Н. Басиловдун эмгегинде мусулмандардын диний жашоосунда маанилүү роль ойногон ыйык олуялар жөнүндөгү маселе каралат. Анын пикиринде исламдагы ыйык заттарга сый-урмат менен мамиле жасоо байыркы политеисттик салттардын таасири астында калыптанып, табынуучулардын тар чөйрөсү менен байланышкан. Муну илимге биринчи жолу көрүнүктүү венгриялык чыгыш таануучусу И.Гольдциер (1850-1921-жж.) киргизген. Ал кеңири материалдарга таянып олуяларга таазим кылуу башка диндердин ишенимдеринин жана табынуулардын исламга кириши үчүн ыңгайлуу канал болгонун, «исламдын ичинде жеңилген диндердин калдыктары сакталып кала турган кабыкчага айланганын баса белгилеген [5].

В.Басиловдун эмгегинде Түркмөнстандын жана Өзбекстандын мисалында талаа материалдарынын негизинде исламдагы олуялар жөнүндө иликтенген. Автор мындай кубулуштун генезисин тотемизм, ата-бабалардын ыйыктарга табынуусу, шаманизм ж.б. менен байланыштырат.

В. Басиловдун изилдөөсүнөн биз исламга чейинки элдик ишенимдер жөнүндө маалыматтарды ала алабыз. Ислам дини элдин турмушунда терең орун алганына карабай мурунку ишенимдер сакталып калган. Анын себептери эмнеде? Алардын мусулмандардын жашоосун тийгизген таасири, мусулмандардын ыйык жерлерге зыярат кылуулары ж.б. маселелер терең изилденген.

В. Басиловдун пикиринде байыркы диний ишенимдердин генезисинин маселелери боюнча изилдөөлөр аз. Ислам дини менен жуурулушуп жашап жаткан архаикалык диндердин формаларынын калдыктары жөнүндөгү эмгектерде жетишээрлик аргументтер жок деп эсептейт. Тагыраак айтканда, исламдагы байыркы ишенимдердин калдыктары терең изилденген эмес. Буга исламга чейинки жергиликтүү диндердин сыйынуучу жайларынын калдыктары катуу талка-

ланган же жок болгон. Исламдагы ыйыктар жөнүндө түшүнүктүн табиятын терең аңдоо үчүн фактылык материалдарды кылдаттык менен талдоо зарыл.

Бирок автордун изилдөөсү өз мезгилинин талабына жооп бергени менен, азыр шартта анын көптөгөн жактарын кайра карапчыгуу маселеси турат. Анткени илимий атеизмдин негизинде, советтик идеологияга кызмат кылуу максатында жазылган бул эмгекет, албетте, чыныгы абал бир топ бурмаланып берилген. Эмгектин баалуулугу исламга чейинки диний ишенимдер жөнүндө теориялык, практикалык материалдардын камтылуусу, илимий жактан терең изилденүүсүндө турат.

Казакстандык окумуштуу Р. М. Мустафинанын эмгегинде [10] Түштүк Казакстанда исламдын таралышы, 19 к. аталган аймактагы казактардын үй-бүлөлүк турмушунда аткарган диний ырым-жырымдары, мусулман дин кызматкерлери жана диний уюмдар, суфизм (эшенчилик, дервиштер), ыйык жерлер, андагы колдоочулар, исламга чейинки табиятка табынуунун өзгөчөлүктөрү, демонологиянын, шаманизмдин жана кээ бир синкреттик диний формалардын калдыктары, алардын өзгөчөлүктөрү, исламга чейинки дарылоо ыкмалары ж.б. бир топ маселелер иликтенген.

Китепте турмуштук исламга ар тараптуу мүнөздөмө берилет. Мында байыркы диний ишенимдердин калдыктары, жер ээлери, Умай энеге табынуу ж.б. маселелер да камтылган. Бул изилдөө тарыхый, этнографиялык жана дин таануу боюнча чоң мааниге ээ.

2002-ж. жарык көргөн эмгекте [8] байыркы кыргыздардын тарыхына жана рухий маданияты, аңызы (мифологиясы), бакшылык, Умай энени, жер-сууну, күндү, отту ыйык тутуу, ата-бабалардын абагын кадырлоо, ыйык тутуу, теңирчилик ишеними ж.б. маселелер каралган. Анда кыргыздар Умай энени кудурети күчтүү, аялзаттын, наристенин, үйдүн колдоочусу, мол түшүмдүн колдоочусу болгондугу айтылат. Эмгекте Умай эне кээде жоокерлердин колдоочусу, оттун ээси (От эне) катары байыркы Саян-Алтайдагы көчмөн урууулардын көбү аны аздектешкен, мындай кубулуш эне доорунан бери келе жаткан жараян экендиги жөнүндө пикир сунушталат. Кыргыздар 6 к. баштап эле Умай энеге балбал таштан эстелик койгон. Ал эми 7-8 кк. рун сымал жазууларда Умай эненин аты эскерилет. Элдик уламыштарда наристенин бетинен жылдыз жанса, “Умай эне жууду” деп жорушкан. Эгинден мол түшүм алганда же мал башы көбөйгөндө “Умай эненин эмчегинен сүт акты” дешкен тоолуктар. Кыргыздар аппак таш бетинен оюлган тактарды көргөндө Умай эненин жерге түшкөндөгү бутунун изи деп жорушкан. Бүбү, бакшылар да сыркоологон адамдарды айыктырууда Умай энеден жардам сурап кайтылышкандыктары жөнүндө маалыматтар берилет [8].

Белгилүү археолог К. Ш. Табалдыевдин эмгегинде [13] Кыргызстандын аймагындагы археологиялык эстеликтер жөнүндө терең изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Анда б.з. 2-8 кк. таандык Сүттүү-Булак эстеликтери бир топ кызыгууну жаратат. Анда согуш аракеттери, диний жөрөлгөлөр чагылдырылган. Автордун пикиринде, “Үч мүйүздүү” баш кийимчен адамдар тартылган эстеликтер жергиликтүү элдердин баскынчыларга каршы күрөшүүсүн чагылдырат. “Үч мүйүздүү” баш кийимчен адам согушуп жаткан аскерлердин колдоочусу болушу мүмкүн. Сүттүү-Булак археологиялык комплексин автор 8 к. таандык деп эсептейт. Мындагы сөөк пластинкаларда тартылган сүрөттөр Евразияны байырлаган байыркы түрктөр, аварлар менен көп окшоштуктары бар. Сөөк пластиналарда тартылган сүрөттөр таш балбалдар менен үндөш келет. К. Табалдиев да башка окумуштуулар сыяктуу эле аталган аймактагы эстеликтердеги сүрөттөрдү колдоочу – Умай эне же шаман аялдын элеси деп эсептейт. Сүрөттө жөнөкөй эле аял чагылдырылган эмес, ал кандайдыр бир диний жөрөлгөлөрдү аткарып жактан аял болгон же аскердик жортуулдарга колдоо көргөзүп жаткан диний-ырым жырым болушу мүмкүн. Сүттүү-Булактагы сүрөттөр Алтайда табылган Умай энеге таандык эстеликтер менен окшош экендигин этнографиялык маалыматтар тастыктап турат.

Худяков Ю.С. Шаманизм и мировые религии у кыргызов в эпоху средневековья [15] аттуу макаласында орто кылымдарда энесайлык кыргыздардын ишенимдери тууралуу иликтенген. Автор эмгегинде бул маселе боюнча Н. Я. Бичуриндин позициясын талкууга алган. Өз мезгилинде Н. Бичурин Синь-Таншу баяндамаларына таянып, кыр-

гыздардын каганы турган ордо "Мидичжи" деп аталат, ал болсо мусулмандар ибадат кылган мечитти түшүндүрөт, деген божомолду айткан. Бул гипотеза кийинчерээк В. Огородников тарабынан колдоого алынып, Энесай кыргыздары исламды тутунушкан деген тыянакка келген.

В. В. Бартольд түрдүү булактарды талдоого алуунун натыйжасында (1927-ж.) кыргыздар шаман динин тутунушкан деп эсептеген. Бардык эле түрк элдеринде, анын ичинде кыргыздарда да, шамандык диний жөрөлгөлөрдү алып баруучу адамды "кам" деп аташкан. Бирок, бул сөз энесай жазууларында (орхондо да) кездешпейт, ал болгону кыргыздар жөнүндө айтылган Тан-шу баяндамаларында айтылат. В. Бартольддун кыргыздардын ишеними тууралуу изилдөөлөрү азыркы учурда бир топ толуктоолорду талап кылат. Анткени ал жетишээрлик деңгээлде фактыларсыз, аргументтерсиз кыргыздарда шаманчылык болгон деген сунушу талапка жооп бербейт. Өз кезегинде Урал,Чыгыш Түркстан аркылуу ислам дини Сибирь аймактарына да тарканы белгилүү. Бул маселе терең изилдөөнү талап кылат. А.Н. Бернштам да кыргыздарда тотемиз жана Умайга табынуу жөнүндө айтып кеткендиги Ю. С. Худяков өз эмгегинде эскерет.

Кожа М.Б. *«Изображения Тенгри и Умай на резном дереве из отрарского оазиса»* [9] аттуу макаласында Куйруктөбө шаар-чалдыбарын (Отрар шаар-чалдыбарынан 6 км. түштүк-батышта) казуу учурунда табылган жыгач-тактайлардагы сүрөттөр изилденген. Куйруктөбөдө өз мезгилинде Тарбанд-Отрар аймагындагы түрк өкүмдарларынын хан сарайы жайгашкан, ал арабдардын дин таркатуу учурунда талкаланган. Бул жерде диний жөрөлгөлөдү аткаруу учуру менен байланышкан бир катар археологиялык табылгалар кездешет. Автор өз эмгегинде арканын түбүнөн табылган тактайда эркек кудайы эки жагында эки канаттуу төөлөр, ал эми анын оң жагында тактыда отурган кудай аялы чагылдырылган. Бул сүрөттөрдө байыркы түрктөрдүн табынган Теңир кудайы жана Умай чагылдырылган. Композициялардын биринде Ашина урууcунан болгон түрк каганы, ошол хан сарайдын ээси да тартылган. Автор табылган археологиялык эстеликтерди талдоо аркылуу анын башка аймактардагы параллелдери, айрыкча Алтай, Сүттүү-Булак эстеликтери менен үндөш экендигине көңүл бурат.

Азыркы мезгилде исламда байыркы ишенимдердин сакталуу проблемасын изилдөө илимде чоң мааниге ээ. Анткени, маселени изилдөө аркылуу Исламга чейинки диндер жөнүндө жаңы маалыматтарга ээ болобуз. Андан сырткары, ислам дининин жер-жерлердеги өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Исламдагы ыйык олуяларды изилдөө байыркы ишенимдерди, ислам дининин табиятын терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт, ошондой эле жалпы дин таануу үчүн теориялык жактан чоң мааниге ээ. Бул маселе илимде толук изилденбеген. Исламга чейинки ырым-жырымдар, алардын элдик аң-сезимде сакталып калышы ж.б. ар тараптуу изилденүүгө тийиш.

Исламга чейинки диндердин, каад-салттардын, диний жөрөлгөлөрдүн генезисин изилдөө, фактылык материалдарды талдоо аркылуу тигил же бул кубулуштардын диний ишенимдердин өнүгүүсүнүн кайсы этабына таандык экендигин, алардагы идеялык негиздерди, ырым-жырымдардын ролун аныктоого мүмкүндүк берет.

Жогоруда айтылгандардан улам бул параграф боюнча төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

- Убакыттын өтүшү менен Умай энени изилдөө ыкмалары олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Алгачкы мезгилде изилдөөлөр негизинен мифологиялык жана фольклордук аспектилерге басым жасап, эмгектер негизинен баяндама мүнөзүндө болгон. Заманбап изилдөөлөр археологиялык, этнографиялык жана маданий-тарыхый ыкмаларды колдонуп маселени кыйла терең жана көп кырдуу изилдөөгө мүмкүндүк алыш. Ал өз кезегинде мамиле менен мүнөздөлөт, бул анын кыргыздардын диний системасындагы ордун толугураак түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

- Бир катар окумуштуулар Умай энеге табынуунун ар кандай аспектилерине басым жасашкан. Алардын эмгектери маселени изилдөө ыкмасы жана түрдүү булактарды пайдалануусу менен айырмаланат. Айрым окумуштуулар археологиялык далилдерге жана материалдык табылгаларга көңүл бу-

рушса, башкалары фольклор менен мифологияга көбүрөөк басым жасашкан. Түрдүү изилдөө ыкмаларын пайдаланган эмгектер Умай эне жөнүндө терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

- Умай энени изилдөөнүн тарыхнаамасы изилдөөчүлөрдүн маданий жана идеологиялык контексттери маалыматтарды чечмелөөгө олуттуу таасир этээрин көрсөтөт. Мисалы, Совет мезгилидеги изилдөөлөрдө социалдык-маданий аспектилерге басым жасалып, диний элементтер көңүлгө алынбаган марксисттик мамиле менен мүнөздөлгөн. Постсоветтик мезгилде салттуу диний ишенимдерге жана практикаларга кызыгуунун кайра жанданышы байкалууда, бул коомдогу трасформацияланган маданий жана саясий реалдуулуктар менен байланышкан.

- Жогоруда айтылганда маалыматтарга карабай азыркы учурда Умай Эне проблемасы боюнча археологиялык, этнографиялык жана тарыхый ыкмаларды бириктирген комплекстүү изилдөөлөрдүн жетишсиздиги байкалууда. Бул кыргыз элинин диний тутумундагы Умай энеге табынуунун жана анын ролунун толук чагылдырууда, түшүнүүдө белгилүү бир боштуктарды жаратат.

- Учурдагы тарыхнааманын негизинде Умай эне феноменин археологиялык жана этнологиялык аспектте толук түшүнүү үчүн ар кандай ыкмаларды пайдалануу аркылуу мындан ары бир топ терең изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылды айкын көрүнүп турат. Археологиялык табылгаларды, этнографиялык маалыматтарды жана мифологиялык булактарды талдоону бириктире турган дисциплиналар аралык изилдөөлөргө өзгөчө көңүл буруу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев, М. Синкретизм пережитков до исламских верований киргизов. Дисс. раб.... - Фрунзе, 1967.
2. Абрамзон, С. М. Очерк культуры киргизского народа. - Фрунзе, 1946.
3. Абрамзон, С. М. Киргизы их этногенетические и историко-культурные связи. Ф.: Кыргызстан, 1990.
4. Аманалиев, Б. Из истории философской мысли киргизского народа. - Фрунзе, 1963.
5. Басилов, В. Н. Культ святых в исламе. М.,1970.
6. Бутанаев В.Я. “Культ богини Умай у хакасов” / «Этнография народов Сибири». Новосибирск: 1984. С. 93-105.
7. Джумагулов, А. Дин жана анын калдыктары. - Фрунзе, 1962.
8. “Кыргыздар. Санжыра, тарых, мурас жана рухий дүйнө”. Бешинчи китеп. Бишкек, 2002. 372-б.
9. Кожа М. Изображения Тенгри и Умай на резном дереве из отрарского оазиса. Н*ароды и религии Евразии*, *8*(8), 34-47. Извлечено от http: // journal.asu.ru/wv/article/view/2259
10. Мустафина Р.М. “Представления, культы, обряды у казахов”. - Алматы, 1992.
11. Петраш, Ю. Г. Материалы о пережитках доисламских культов на юге Киргизии. Сбор.: Философские проблемы атеизма. М., 1963.
12. Снесарев. Г. П. Реликты домусульманских верований и обрядов у узбеков Хорезма. - М., 1969; 5).
13. Табалдыев К.Ш «Древние памятники Тянь-Шаня» - Бишкек, 2011.
14. Толстов, С. П. Древний Хорезм. М., 1948; 2). Сухарева, О. А. Ислам в Узбекистане. Ташкент, 1960; 3). Троицкая, А. Л. Первые сорок дней ребенка (чилля) среди оседлого населения Ташкентского и Чимкентского уездов. В сб.: В. В. Бартольду. Ташкент, 1927; 4). Снесарев. Г. П. Реликты домусульманских верований и обрядов у узбеков Хорезма. М., 1969; 5).
15. Худяков Ю.С. Шаманизм и мировые религии у кыргызов в эпоху средневековья // Традиционные верования и быт народов Сибири. XIX – начало XX в. - Новосибирск: Наука, 1987. С. 65–75.

## МАДАНИЯТ, ТИЛ, САЛТТУУЛУК ЖАНА ИДЕНТТҮҮЛҮК БОЮНЧА АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕР

## АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ КУЛЬТУРЫ, ЯЗЫКА, ТРАДИЦИЙ И ИДЕНТИФИКАЦИЙ